| | | |
|---|---|---|
| | **С.МАМБЕТКАЛИЕВ ат-гы ЧҮЙ УНИВЕРСИТЕТИ** | |
| | **Сапатты башкаруу системасы** | |
| | **СБС ТБжЖ __________** | **Версия __2____** |

ЧУнун ОКнын отурумунда
каралды
токтом №__2__________
«_27_»___11_____2024-ж.

« Бекитемин»
С. Мамбеткалиев ат-гы ЧУнун Ректору
__________Мамбеткалиева Ч.С.
«____»________2024-ж.

**“Филология” Программасынын студенттеринин дуалдык окуту (эксперименталдык программа) боюнча педагогикалык практиканын программасы (айкалышкан)**

**Багыты:** 550300 Филологиялык билим берүү

**Профиль** : Кыргыз тили жана адабияты;

Орус тили жана адабияты;

Чет тили

Бишкек -2024-ж.

## Аннотация

Бул программа КРнын кеиптик билим берүү уюмдарында жумуш ордунда окутуу (ЖОО) жөнүндө жобону бекитүү тууралуу 2024-ж. 12- июлундагы № 383 Токтомунун , С.Мамбеткалиев атындагы Чүй университетинин дуалдык окутуу боюнча жана практика боюнча Жоболордун негизинде иштелип чыкты.

Педагогикалык практика жогорку квалификациялуу мугалим адистерди даярдоо процессинде негизги орунду ээлейт. Компетенттүү адистерди даярдап чыгуу бүгүнкү күндө коом тарабынан жогорку окуу җайларынын алдына коюлган талаптардан болуп калды. Өзүнүн тандаган кесибин жан дүйнөсү менен сүйгөн, билимдүү жана практикалык ык, машыгууга ээ болгон адистер гана мезгилдин талаптарына жооп бере ала тургандыгын турмуш өзү көрсөтүп турат. Мына ушундай адистерди даярдап чыгууда педагогикалык практиканын ролуна, анын уюштурулушуна жана бийик деңгээлде өтүлүшүнө өкмөт, министрлик тарабынан көңүл бурулуп, урунттуу иштер жүргүзүлө баштады.

КРда иштелип чыккан мамлекеттик билим берүү стандартында адистерди даярдоодо педагогикалык практикалардын ролуна өзгөчө басым жасалып, практиканын үч түрү окуу пландарына киргизилген. Көп жылдардан бери окуу пландарынан алынып салынган союз мезгилиндеги 2-курстардагы таанышуу практикасы “адаптациялык - педагогикалык практика” деген ат менен окуу пландарына 4 кредиттик б.а. 120 сааттык көлөм менен киргизилди. Профессионалдык -базалык 6 кредит, профессионалдык -профильдик -22 кредит жана квалификация алдындагы практика - 8 кредит, жалпы -40 кредит, 840 саат.

**Педагогикалык практиканын жалпы максаты**:

ДОнун максаты болуп кесиптик билим берүү уюмунда билим алуучуларды милдеттүү түрдө практикалык окутуу жана кесиптик билимдерин жана көндүмдөрүн бекемдөө, о.э. иш тажырыйбасына ээ кылууга багыттылган кадрларды даярдоо саналат. Ошондой эле болочок мугалимдин окуу жайында теориялык жактан алган кесиптик жана адистик билимдерин практикада бышыктоо жана анын кесиптик-педагогикалык багытын калыптандыруу. Программада жалпы максаттын негизинде практиканын бардык түрлөрүнүн спецификалык максаттары жана милдеттери көрсөтүлгөн.

**ДОнун милдеттери болуп төмөнкүлөр саналат:**

- иш тажырыйбасына ээ кылуу;
- кесиптик билим берүү бүтүрүүчүсүнүн эмгек рыногунда социалдык мобилдүүлүгүн жана кесиптик атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу;
- бүтүрүүчүлөрдүн билиминин сапатын иш берүүчүлөрдүн күтүүлөрүнө ылайык келтирүүнү камсыз кылуу;
- кесиптик билим берүү уюмунун билим алуучуларын, бүтүрүүчүлөрүн жана окутуучуларын продукцияны өндүрүүдө колдонулуучу илимдин жана техниканын жетишкендиктери, иш өндүрүүнүн инновациялык методдору, технологиялар ж.б. менен тааныштыруу;
- билим берүү программаларын өркүндөтүү аркылуу кесиптик билим берүү системасында кадрларды даярдоонун сапаты менен эмгек рыногунун керектөөлөрүнүн ортосундагы дисбалансты азыйтуу.

**Педагогикалык практикалардын функциялары:**

Педагогикалык практика төмөндөгү: *Адаптациялык, окутуучу, тарбиялоочу, өнүктүрүүчү, диагностикалык функцияларды аткарат.*

**Адаптациялык (көнүгүү) функцияда** – студент жалпы билим берүүчү мекеме менен гана таанышпастан, балдарга жана педагогикалык процесстин ритмине көнө баштайт, мектеп ичиндеги мамиле менен байланыштар системасын түшүнөт. Ал педагогикалык коллектив менен мамиле түзүп, педагогикалык иш-аракеттин кубанычы менен бардык кыйынчылыгына өз көзү менен күбө болот.

**Окутуучу функцияда** – негизи педагогикалык билим менен ыкмаларды иштеп чыгуу, идеялык элестетүүлөрдүн реалдуу системага багыт алууга жана болочок мугалимдин көз карашын педагогикалык аң-сезимге калыптандырган процесс жүрөт.

**Тарбиялоочу функцияда** – эгерде студент өз ишин мыкты билген, кесибинин устаты болгон усулчунун, мектеп мугалиминин жетекчилиги астында иштей турган болсо анын ишини н сапаты, жыйынтыгы сыяктуу эле жекече инсандык мүнөз түптөлөт. Мектептеги жалпы атмосфера практика менен студенттерге болгон мамиле, практика жетекчилигинин стили, экинчи тараптан мектептин педагогикалык кадрлары чоң роль ойнойт.

**Өнүктүрүүчү функцияда** – студент практиканын жүрүшүндө инсан катары дараметин өстүрөт. Ал жеке эле жашоо-турмуштук тажрыйба топтоо менен сергек жашоого багыт албастан, мугалим катары ой жүгүртүп, анын ишке болгон жоопкерчилиги да өсөт.

**Диагностикалык функцияда** – студент практика учурунда балдар, окуучулар, устат, жетекчилик, ата-энелер менен маектешүүдөгү өзүнүн эмоционалдуу абалына баа бере алат.

**Практиканы уюштуруу жана өткөрүү**

1. Педагогикалык практиканын түрлөрү адис даярдоочу Программада уюштурулат. Ал иштердин негизги багыттары: окуучулар менен окуу-тарбия иштерин жүргүзүү, ата-энелер жана окуучулар жамааты менен иштөө, усулдук жана коомдук-тарбиялык иштерин уюштуруу ж.б.
2. Практика башталардан бир жума мурда адис даярдоочу Программанын студенттерин практикага бөлүштүрүү боюнча билдирүү даярдайт жана Программадан багыттар боюнча жалпы жетекчилерди дайындайт. Билдирүүнүн негизинде окуу жайдын ректорунун буйругу чыгарылат. ДОго түздөн-түз жетекчилик ишкананын жетекчисиснин буйругу менен дайындалган жооптуу адам- насаатчы тарабынан жүзөгө ашат. Билим берүү уюуму менен иш берүүчүнүн ортосунда эки же үч тараптуу келишим түзүлөт.
3. Практиканы өткөрүү мөөнөттөрү бекитилген окуу планына жана календардык окуу графигине ылайык белгиленет.
4. Практикага жолдомо кесиптик билим берүү уюмунун жетекчисинин буйругу менен ар бир билим алуучуну иш берүүчүгө бекитүү менен, о.э. практиканын түрүн жана өтүү мөөнөттөрүн көрсөтүү менен таризделет.
5. Окууну эмгек иши менен айкалыштырган билим алучулуар эгерде аталган ишканада алар жүзөгө ашыруучу кесиптик иши практиканын мазмунуна карата талаптарга ылайык келген учурда эмгектенген иш жери боюнча уюмдарда практикадан өтүүгө укуктуу.
6. Практика башталар алдында "Практикага жиберүү алдындагы" чогулуш өткөрүлүп, анда окуу жайдын "Педагогикалык практиканы өткөрүү боюнча Жобосу" тааныштырылат, практиканын максаты, милдети, өткөрүүнүн жол-жобосу, практикант- студенттин милдети түшүндүрүлөт. Практиканын күндөлүгүнүн планы ар бир студентке берилет жана аны толтуруунун эрежелери менен тааныштырылат. Практиканын мөөнөтү аяктагандан кийин кандай документтерди тапшыруу зарыл экендиги айтылат. ДОнун жыйынтыгы боюнча насаатчы ДОдон өтүү жөнүндө пикир даярдайт жана билим алуучуга мүнөздөмө берет.
7. Практика аяктагандан кийин бир жуманын ичинде Практиканын жыйынтыктыгы боюнча отурум уюштурулат. Ага адис даярдоочу жана педагогика Программасынын тиешелүү окутуучулар чакырылат. Отурумда практиканын жыйынтыгы жогоруда аталган Жобонун негизинде талданат жана жыйынтык баа коюлат.

**ДОнун формалары:**

1. **Дуалдык окутуу**

**ДОнун программасын ишке ашырууга катышкан тараптардын жоопкерчилиги жана функциялары:**

ДОнун программасын ишке ашырууга: билим алуучулар, кесиптик билим берүү уюмдары жана кесиптик билим берүү уюмдары менен ДОну уюштуруу жөнүндө келишимдерди түзгөң иш берүүчүлө катышат.

1. Кесиптик билим берүү уюму төмөнкү функцияларды аткарат:

- Билим алуучуларга ДО программалары боюнча маалымдайт;
- иш берүүчүлөр менен келишимдерди түзөт;
- билим алуучулар үчүн ДОдон өтүү жана иш берүүчүлөр, насаатчылар үчүн ДОну өткөрүү боюнча инструктаж берет;

- иш берүүчү менен ДОну өткөрүү мөөнөттөрүн жана жиберилүүчү билим алуучулардын тизмесин макулдашат;
- билим берүү программаларына ылайык билим алуучулардын билим алуусу үчүн жоопкерчилик тартат;
- ДО программалары боюнча окуудан өткөн бүтүрүүчүлөдү ишке орноштурууга көмөктөшөт.

2. Иш берүүчү төмөнкү функцияларды аткарат:
- кесиптик билим берүү уюму менен келишим түзөт;
- компетенттүүлүккө негизделген билим берүү программасын иштеп чыгуу процессине катышат;
- билим алуучулуарды устав, ички тартип эрежелери, санитардык, өрткө каршы ченемдер жана жүрүм-турум эрежелери менен тааныштырат;
- ар бир билим алуучу үчүн насаатчыны бекитет;
- ДОдон өтүү процессинде алар өздөштүргөң жалпы жана кесиптик компетенцияларын баалоо жол-жобосуна катышат;
- билим алуучуларды орто аралык жана мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациялоого катышат;
- мүмкүнчүлүккө жараша ДОго жиберилген билим алуучуларды жана насаатчыларды моралдык жана материалдык сыйлоо чараларын көрөт.

3. Насаатчы төмөнкү функцияларды аткарат:
- билим алуучунун өндүрүштүк иш, корпаративдик маданият менен таанышуусуна жана кийин анын кесиптик жактан өнүгүүсүнө көмөктөшөт;
- билим алуучуга кызматтык милдеттерди жана тапшырмаларды сапаттуу аткаруунун практикалык ыкмаларын үйрөтөт;
- билим алуучунун тапшырмаларды сапаттуу аткаруусун контролдойт;
- иш берүүчүнүн жетекчисине билим алуучуга карата сыйлоо же тартиптик жаза чараларын колдонуу жөнүндө сунуш киргизет.

4. Билим алуучу төмөнкү функцияларды аткарат:
- иштин шарттары, бул чөйрөнү жөнгө салуучу ченемдик укуктук актылар, коопсуздук жана эмгекти коргоо шарттары менен таанышат;
- окуу жана өндүрүштү тартипти, ички эмгек тартибинин эрежелерин, эмгекти коргоо жана техникалык коопсуздук боюнча талаптарды сактайт, иш берүүчүнүн мүлкүнө аяр мамиле кылат;
- билим берүү программаласына жана окуу планына ылайык толук окуу курсуна өтөт;
- жетекчинин практикалык окутууга жана насаатчынын ДОго байланышкан көрсөтмөлөрүн аткарат;
- ДОдон өтүү мезгилинде күндөлүк толтурат жана окууну аяктаган соң, орто аралыктагы жана мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациялоодон өтөт.
-

**1. Адаптациялык-педагогикалык практика.** Академиялык даражасы бакалавр, 550300 Филологиялык билим берүү багыты боюнча кыргыз тили жана адабияты; орус тили жана адабияты, чет тили профилинин окуу планында адаптациялык-педагогикалык практика 2-курстун 3-семестринде (120 саат) үч жумалык мөөнөттө өткөрүлөт. Ал – педагогикалык практиканын алгачкы этабы. Практиканын максаты - мектептеги окуу-тарбия процессин уюштуруунун конкреттүү шарттары, окуу программалары, окуу китептери, усулдук колдонмолор, календардык-тематикалык план, кыргыз тили жана адабияты каанасынын жабдылышы менен таанышуу; окутуу процессинде (сабакта) мугалимдин жана окуучунун ишмердүүлүгүнө, позициясына байкоо жүргүзүү; мугалимдин иш-тажрыйбаларынын жакшы жактарын байкоо, аны келечекте өз тажрыйбасында, педагогикалык ишмердүүлүгүндө колдонууга үйрөнүү, күндөлүк сабактарга катышуу, сабакты талдоону үйрөнүү.

**Адапциялык-педагогикалык практиканын милдети:** болочок мугалимдерди педагогикалык кесип менен тааныштыруу жана аларды педагогикалык кесипке **адаптациялоо.**

**Практикада студент ээ болуучу компетенциялар:**

СЛК-1. Мектеп коомчулугунун деңгээлинде личносттор аралык жана кесиптик толеранттуу

мамилелерди түзө алат;

СЛК-4. Өз жетишкендиктерин жана кемчиликтерин сын көз менен карай алат, өз баалуулуктарын өнүктүрүүнүн жана кемчиликтерин четтетүүнүн каражаттарын билет;

ИК-5. Жаңы кырдаалдарды жана алардын натыйжаларын баалай билет жана ага ыңгайлаша алат;

ОК-6. Үзгүлтүксүз билим алууга жана ар тараптуу өнүгүүгө даяр болот.

КПК-22 - лидерлик компетенцииясы бар ;

КПК-23 - предмет аралык байланыш түзө алат:

Адаптациялык-педагогикалык практиканы өтөө менен студент- практикант төмөндөгү кесиптик компетенцияларга ээ болот:

- Мектептеги окуу-тарбия процессинин уюштурулушун үйрөнөт жана түшүнөт;
- Мектеп документациялары менен иш алып барууну билет;
- Өзүнүн адистиги боюнча сабактардын маңыз-мазмуну менен таа- нышат;
- Педагог катары өзүнүн кесиптик деңгээлин өнүктүрүүгө жана өзүн- өзү тарбиялоого мүмкүнчүлүк алат;
- Мугалимдин кесиптин маңыз-мазмунун түшүнөт жана окуучулар менен иш алып бара алат;
- Класс жетекчисинин иш планын түзө алат. Тарбиялык саатты жана класстан сырткаркы иштерди жүргүзүүнүн ыктары менен машыгууларына ээ болот;

**Компетенцияны калыптандыруу талаптары.**

Адаптациялык-педагогикалык практика филология адистигин даярдоодогу негизги учурлардын бири жана бул практиканы өткөрүү милдеттүү болуп саналат. Анткени студенттер практика учурунда класстарда окуу жана тарбиялык иштерди жүргүзүүгө түздөн-түз катышат, тажрыйбалуу мугалимдердин сабактарына катышып, анализ жүргүзөт, коомдук уюмдар менен иштөөнү үйрөнөт, коллектив менен иштөөнүн, окуучуларды жаш өзгөчө- лүктөрүнө жараша мамиле кургандын ык, усулдарын өздөштүрөт.

Андан тышкары тил кабинетин жана аны жасалгалоону, тил кружогунун иштерин дасыккан адистерден үйрөнөт, окуу, тарбиялык жана сабактан тышкаркы иштерди, тил кечелерди өткөрүүнүн усулдары менен ыкмаларын өздөштүрүүгө мүмкүндүк алат.

Класстык коллективди жана андагы өзгөчө окуучулардын инсандык, социалдык, моралдык жана психологиялык сапаттарына жараша өзгөчө мамиле жасоого багытталган жеке сапаттардын үстүндө иш алып барууга кенен шарт түзүлөт.

Адаптациялык-педагогикалык практиканын жүрүшүндө студент окуучулар менен жекече иш алып барууну, педагогикалык ишмердүүлүктүн көптөгөн жолдорун үйрөнүүнү, мектеп документтери менен таанышууну, окуучулардын күндөлүк, дептерлерин текшерүүнүн эре- же-усулдары менен таанышууну толук колго алат.

Адаптациялык-педагогикалык практика студент-практиканттарда маанилүү тилдик билимдерди эске сактоо жана эске тутуу жөндөмдүүлүктөрүн калыптандырып, келечектеги мугалим катары өзүлөрүнүн үстүндө ар тараптуу иштөө мүмкүнчүлүктөрүн ачат.

Практика студент-тилчилерди педагогикалык кесипке адаптациялоо менен бирге кийинки курстарда боло турган практикаларда зарыл болгон жөндөмдүүлүктөр менен билимдерди чогултууга жол ачат.

**2. Кесиптик- базалык практика**

Педагогикалык практиканын бул түрү кыргыз тили жана адабияты; орус тили жана адабияты; чет тили профилинин 4-семестрде 6 кредит , 180саат көлөмүндө пландаштырылган. Практиканын максаты–компетенттүү адистерди жогорку профессионалдык деңгээлде даярдоо; студенттерде жалпы билим берүүчү мектеп мугалимдеринин окуу-тарбия ишмердүүлүктөрү тууралуу кесиптик билимдердин системасын калыптандыруу; студенттерди предметтик мугалимдик жана класс жетекчилик кызматтарын аткарууга, окуучулар менен түрдүү окуу-тарбия иштерин жүргүзүүгө даярдоо; студент ээ болгон теориялык билимдерин бышыктоо, аларды практикада колдоно билүүгө үйрөтүү; окуучулардын активдүү ишкердиктерин пайдаланып, сабак жана сабактан

тышкаркы иштерди уюштурууга көнүктүрүү; жетекчилик кызматтарды аткарууну үйрөтүү ж.б.

**Кесиптик-базалык практиканын негизги милдеттери:**

Практиканын бул түрү кесипкөй мугалимдерди даярдоо процессинде чоң мааниге ээ болуу менен, төмөндөгү орчундуу проблемаларды чечүүгө багытталат:

- окуу-тарбия процессин ийгиликтүү алып барууга зарыл болгон кесиптик көндүмдөрдү (окуучулардын акыл сапаттарын) өстүрүү;
- окуучунун чыгармачыл ой жүгүртүүсүн, өз алдынчалуулугун өнүктүрүү, алардагы шык, жөндөм, таланттардын өнүгүшүнө өбөлгө түзүү, эмгекке, кесипке жана педагогикалык ишмердүүлүккө болгон мамилесин, жөндөмүн жана кызыгуусун арттыруу, билим, билгичтик көндүмдөрүнүн жогорку сапатын камсыз кылуу, калыптандыруу;
- өз билимин өркүндөтүү жана кесиптик шык, көндүмдөрүн өнүктүрүү муктаждыгын пайда кылуу;
- педагогикалык чыгармачыл ишмердүүлүк тажрыйбасын жана педагогикалык процессти изилдөө мамилесин калыптандыруу;
- мугалимдик адистикке жана аны туура тандап алгандыгына ишенимин пайда кылуу жана тарбиялоо;
- окутууну жана тарбиялоону дидактика илиминин бүгүнкү жетишкендиктерине негиздеп уюштура билүү;
- окуу процессинин туура уюшулушун, педагогика илиминин мыйзам ченемдүүлүктөрүн аң-сезимдүү өздөштүрүү, психологиялык-педагогикалык терминдерди, усулдук жана дидактикалык түшүнүктөрдүн маңызын терең түшүнүүнү камсыз кылуу;
- дүйнөдөгү улуу педагогдордун залкар ойлорун, ата-бабалардын бай тарыхый жана маданий мурастарын, окуучуга мээрмандык менен мамиле жасоо идеяларын терең өздөштүрүү;
- билим берүү мекемелеринде окуучуларды тарбиялоо маселелерин чечүүгө көмөктөшүү;
- студент-практиканттын өз ишине өзү баа бере алышына жетишүү.

**Практикада студент ээ болуучу компетенциялар:**

• Окуучунун жекелик-психологиялык өзгөчөлүктөрүн окуп билүү менен ага мүнөздөмө жаза билет;

• Ата-энелер менен иш жүргүзүүнү окуп үйрөнөт;

• Мектептеги өзүн-өзү башкаруу органдарынын иш-аракеттерин түшүнөт жана алар менен иш алып бара алат;

• Сабактын типтерин жана анда колдонулган усулдарга, ыкмаларга, каражаттарга баа бере алат жана сабактын планын түзүүнү билет;

• Электрондук доска, электрондук күндөлүк сыяктуу техника каражаттарын окутууда колдоно алат;

• Педагогика жана психология предметтеринен теориялык алган билимдерин практикада колдоно алат.

ЖИК-6. Үзгүлтүксүз билим алууга жана ар тараптуу өнүгүүгө даяр;

ИК-2. Өз оюн мамлекеттик жана расмий тилдерде оозеки жана жазуу түрүндө так, түшүнүктүү, ырааттуу баяндай алат;

СИЖМК-2. Көп маданияттуу жана көп тилдүү чөйрөдө жүрүм-турум жана укуктук нормаларды сактоого жана окуучуларга улуттук, тилдик айырмачылыктарына карабай бирдей шарт түзүү көндүмүнө ээ болот;

СИЖМК-4. Өз жетишкендиктерин жана кемчиликтерин сын көз менен карай алат, өз баалуулуктарын өнүктүрүүнүн жана кемчиликтерин четтетүүнүн каражаттарын билет; КК-1. Кыргыз тили жана адабиятына, орус тили жана адабиятына , чет тилине байланыштуу көйгөлөрдү чечүүдө психолого- педагогикалык компетенттүүлүгүн пайдалана алат, кесиптик ишмердүүлүгүндө педагогикалык изилдөөлөрдүн натыйжаларын пайдалана алат;

КК-8. Окутуунун интерактивдүү формаларын жана усулдарын колдонуу менен педагогикалык ишмердүүлүктү жүргүзө алат;

КК-9. Окуучулардын ар тараптуу (акыл, социалдык, моралдык жактан) өнүгүү

деңгээлин аныктай алат;

КК-15. Тилди жана предметти интеграциялып окутуу усулдарын колдонуу жөндөмүнө ээ болот.

КПК-20 - креативдүү ой жүгүртө алат;

КПК-21 - педагогикалык мотивациясы бар ;

### 3. Кесиптик-профилдик практика.

Кыргыз тили жана адабияты, орус тили жана адабияты, чет тили профилинин 5, 6, 7, 8 семестрдин окуу планында 22 кредит, б.а. 360 саат көлөмүндө пландаштырылган. Практиканын максаты – студенттердин квалификациялык адистикке практикалык жактан болгон даярдыгын калыптандыруу, өз алдынча иш алып барууну жана педагогикалык ишмердүүлүктүн ар кандай түрүн жоопкерчилик менен аткарууну камсыздоо, сабактарды өткөрүүнү насаатчынын жардамысыз (окутуу прцессинде сабакты пландаштыруу боюнча суроолорду изилдөө, же көмөк көрсөтүү) өз алдынча жүргүзүүгө жетишет; эксперименталдык изилдөө жүргүзөт жана өз кесибин өздөштүрүүнү жакшыртат, билим берүү, тарбиялоо мекемесинин окуу-тарбия иштерин пландаштыруу жана уюштуруу усулун өздөштүрөт, класс жетекчинин иш системасын жана милдеттерин үйрөнүү; класстан тышкаркы иштерди пландаштыруу жана өткөрүү; окуучулар менен жекече иш алып баруу, ийримдин иштерин жүргүзүү, олимпиадаларды уюштуруу, көрсөтмө куралдарды даярдоо, мугалимдин иш кагаздарын толук үйрөнүү жана өз алдынча жүргүзүү.

**Кесиптик-профилдик практиканын милдеттери:**

- Билим берүү системасын жана Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндөгү” мыйзамын өздөштүргөндүгүн демонстрациялайт;
- ар бир мектептин өзгөчөлүгүн, маданиятын, ички механизмин түшүнөт жана анализдей алат;
- кыргыз тили жана кыргыз адабияты, орус тили жана адабияты, чет тили предметтеринин мазмуну, мамлекеттик стандарт, анын окуу программаларында чагылдырылышы боюнча терең түшүнүккө ээ болот;
- көркөм тексттер менен иштөөнүн түрдүү усулдарын, ыкмаларын колдонууну өздөштүрөт;
- грамматикалык көнүгүүлөрдү иштөөдө калыптандыруучу баалоонун техникаларын пайдалануу боюнча байкоо жүргүзөт;
- кыргыз тили жана адабияты, орус тили жана адабияты, чет тили предметинин проблемалары боюнча эксперименталдык байкоолорду жүргүзөт;
- окутуу ресурстарын туура тандоо жана ыктуу пайдалануу көндүмдөрүн калыптандырат.
- кыргыз тили, кыргыз адабияты, орус тили жана адаабияты, чет тили, класстан тышкаркы окуу сабактарынын концепциялары, окуу планы, окуу программасынын мазмуну жөнүндөгү түшүнүгүн көрсөтөт;

-окуучуга үйрөнүү стилине ылайык мамиле жасаганды билет.

**Практикада студент ээ болуучу компетенциялар:**

ИК-2. Өз оюн мамлекеттик, расмий тилдерде жана чет тилинде оозеки жана жазуу түрүндө так, түшүнүктүү, ырааттуу баяндай алат;

СИЖМК-2. Көп маданияттуу жана көп тилдүү чөйрөдө жүрүм-турум жана укуктук нормаларды сактоого жана окуучуларга улуттук, тилдик айырмачылыктарына карабай бирдей шарт түзүү көндүмүнө ээ болот;

СИЖМК-4. Өз жетишкендиктерин жана кемчиликтерин сын көз менен карай алат, өз баалуулуктарын өнүктүрүүнүн жана кемчиликтерин четтетүүнүн

каражаттарын билет;

КК-1. Кесипке байланыштуу көйгөлөрдү чечүүдө психолого-педагогикалык компетенттүүлүгүн пайдалана алат, кесиптик ишмердүүлүгүндө педагогикалык изилдөөлөрдүн натыйжаларын пайдалана алат;

КК-8. Окутуунун интерактивдүү формаларын жана усулдарын колдонуу менен педагогикалык ишмердүүлүктү жүргүзө алат;

КК-9. Окуучулардын ар тараптуу (акыл, социалдык, моралдык жактан) өнүгүү деңгээлин аныктай алат;

КК-15. Тилди жана предметти интеграциялып окутуу усулдарын колдонуу жөндөмүнө ээ болот.

КПК-24 -туңгуюктуу абалдардан жол таба алат;

**Практиканын базасы**

Практикант-студенттер Кыргыз Республикасынын жалпы региондорундагы окуу жайларга өтүнүч каттардын негизинде жөнөтүлөт жана С.Мамбеткалиев атындагы Чүй унивеситети менен түзүлгөн келишимдин негизинде гана билим берүү мекемелеринде: мектептерде, колледждерде, кесиптик лицейлерде практикадан өтүшөт.

**Иштии тартиби:**

**Адаптациялык-педагогикалык практиканын жумушчу программасы.**

**120 саат., 4 кредит (4 жума)**

| **Аткарылчу иштердин мазмуну** | **Сааты** | **Аткарууга милдеттүү** |
|---|---|---|
| **1 жума** | | |
| Багыт берүүчү чогулуш өткөрүү жана адаптациялык педагогикалык практиканын мазмуну, милдеттери менен тааныштыруу. | 2 | Программа башчысы, насаатчы, усулчулар. |
| Бөлүштүрүлгөн окуу жайларга студенттерди алып баруу. Окуу жайларда администрациясы менен пикир алмашуу; алардын функционалдык милдеттери менен таанышуу. Практиканттарды класстарга бөлүштүрүү. | 6 | Программа башчысы, насаатчы, усулчулар. Окуу жай жетекчилиги. |
| Бөлүнгөн класстын документациясын окуп үйрөнүү, окуучулардын өздүк делолору, класстык журналы, күндөлүк ж.б. Окуучулардын социал- дык абалына, жетишүүсүнө, тартибине анализ жасоо. Социалдык педагогдун ишинин мазмунун окуп үйрөнүү. | 6 | Усулчу, насаатчы, класс жетекчиси, студент-практикант |
| Класс жетекчисинин иш пландарын окуп үйрөнүү, тарбиялык, КТП пландардын түзүлүшүнө анализ жасоо. Класс жетекчисинин милдеттерин билүү. Окуучуга педагогикалык-психологиялык мүнөздөмө жазууну үйрөтүү. | 6 | Усулчу, нассатчы, класс жетекчиси. |
| Класстагы окулуучу предметтик сабактарга катышуу; Окуучулардын сабакка болгон мамилелерине педагогикалык-психологиялык анализ жасоо. | 6 | Усулчу, студент- практикант |
| Класстагы тарбиялык сааттардын өтүлүшүнө катышуу жана анын усулу менен таанышуу. | 6 | Усулчу, насаатчы, студент-практикант |
| **2 жума** | | |
| Бир тарбиялык сааттын план-конспектисин даярдоо жана жадыбал боюнча өтүү, алдыда жасала турган иштерге даярдануу. | 6 | Усулчу, класс жетекчиси, Студент-практикант, соц-педагог |
| Мектептеги өтүлүүчү коомдук иштерге катышуу, жардам берүү. | 6 | Студент-практикант, педагог. |
| Окуучулардын өзүн-өзү башкаруу органдарынын иштеринин мазмунун окуп үйрөнүү; | 6 | Класс жетекчиси, студент-практикант, |
| Мектептеги усулдук бирикмелердин иштеринин мазмунун окуп үйрөнүү. | 6 | Усулчу, студ-практикант. |
| Инновациялык технологиялардын колдонулушундагы анализ. | 6 | Окуу иштери боюнча жооптуу, насаатчы, студ. практикант. |
| **3- жума** | | |
| Класс жетекчисинин ата-энелер менен иш алып баруусунун өзгөчөлүктөрүн жана усулун окуп үйрөнүү. Ата-энелер комитеттеринин иш планы, жасаган иштери менен таанышуу. | 6 | Кл. жетекчиси, усулчу, студент-практикант, тарбия иштери боюнча жооптуу кызматкер. |
| Мектептеги өзүнүн адистигине жакын болгон сабактарга катышуу, анын өзгөчөлүктөрүн окуп үйрөнүү. | 6 | Предметтик мугалимдер, насаатчы, студ.практикант. |
| Мектептеги өзүнүн адистиги боюнча өтүлчү сабактарга катышуу, анын өзгөчөлүктөрүн окуп үйрөнүү. | 6 | Усулчу, студент- практикант |

| | | |
|---|---|---|
| Предметтик мугалимдер менен аңгемелешүү, өзүнүн тандап алган адистигине баа берүү. | 6 | Усулчу, студент practикант |
| Мектептеги, класстагы тартиби начар, милицияда каттоодо турган окуучу балдар менен иштөөнүн усулдарын окуп үйрөнүү. | 6 | Класс жетекчи, соц. педагог, насаатчы, студент-практикант |
| **4- жума** | | |
| Мектепте жана мектептен сырткары өтүлүүчү тарбиялык, коомдук иштердин жүрүшүнө анализ. | 6 | Кл. жетекчиси, Студент практикант, тарбия иштери боюнча жооптуу кызмакер. |
| Рекетчилик ж.б терс көрүнүштөр боюнча кандайча иш чаралар жүргү- зүлүүдө, аларга анализ берүү. | 6 | Кл. жетекчиси, усулчу студент практикант, тарбия иштери боюнча жооптуу кызматкер. |
| Мектепте жана мектептен сырткары өтүлүүчү маданий-спорттук иштердин жүрүшүнө анализ; Окуучулардын андай иш-чараларга болгон мамилелерине байкоо жүргүзүү. | 8 | Мектептин тарбия иштери боюнча жооп- туу кызматкери, насаатчы, класс жетекчи, практиканттар |
| Адаптациялык-педагогикалык практиканын жүрүшүнө отчет жазуу. Жыйынтыктоочу отурумду уюштуруу жана өткөрүү. | 8 | Программа башчы, насаатчы, студ. практикант |
| Баары: | 120 саат | |

***Эскертүү:*** *практиканын жумушчу программасынын мазмунундагы көрсөтүлгөн болжолдуу иш-чаралар мектептеги реалдуу шарттарга байланыштуу өзгөрүп, толукталып турушу мүмкүн.*

**Кесиптик-базалык практиканын жумушчу программасы**

Практика окуу планына ылайык күндүзгү окуу бөлүмүндө 4 семестрде 6 кредит 180 саат өткөрүлөт. Студенттерди практикага бөлүштүрүү жана аларга жетекчилерди дайындоо кафедра башчысынын (практика боюнча жооптуунун) рапортунун негизинде окуу жайдын ректорунун буйругу менен ишке ашырылат.

**Кесиптик-базалык практиканын жумуш программасы.**
**Кесиптик-базалык практиканын жумуш программасынын сааттык торчосу.**
**180 саат., 6 кредит (6 жума)**

| Аткара турган иштердин мазмуну | Саат | Аткарууга милдеттүү |
|---|---|---|
| **1-жума** | | |
| Мектеп коллективи жана жамааты менен таанышуу. | 2 | Насаатчы, студент-практикант, мектептин администрациясы |
| Мектептердеги негизги структуралык бөлүмдөр,<br>кружоктор жана уюмдар менен таанышуу. | 7 | Насаатчы, студент-рактикант, уюштуруучу завуч |
| Мектептердеги класстар менен таанышуу, тажрыйбалуу мугалимдердин ишмердүүлүктөрү менен таанышуу жана алардын иш чараларына катышуу, анализ берүү. | 7 | Насаатчы, студент-практикант, практика башчысы |
| Класстарда окуу, тарбиялык, ата-энелер менен жана сабактан тышкаркы иштердин мааниси, программалары менен таанышуу. | 8 | студент-практикант, соцпедагог |
| Бөлүнгөн класска сабактарды өтүү | 6 | Насаатчы, студент-практикант |

| | | |
|---|---|---|
| **2-жума** | | |
| Коомдук уюмдар жана алардын иш-чараларынын план-программалары менен, иш-чараларынын алып баруу тартиби менен таанышуу. Окуу, тарбиялык иштердин программаларын түзүү, КТП түзүү. | 8 | Насаатчы, студент-практикант, класс жетекчи |
| Тил кабинети жана анын жумуш программалары, иш-чараларынын пландары жана усулдары менен таанышуу. | 8 | Насаатчы, студент-практикант, кабинет башчы |
| Тил кружоктору, анын тематикалары менен, прог- раммалары менен таанышуу. Экскурсиялык иштер жана алардын жүрүшү менен таанышуу. Кичинекей класстарда сабактарды өтүү, сабактарга тыкандык менен жогорку деңгээлде даярдануу. | 8 | студент-практикант, кружок жетекчилери |
| Бөлүнгөн класска сабактарды өтүү | 6 | Насаатчы, студент-практикант |
| **3-жума** | | |
| Бекитилген конкреттүү класс жана андагы окуучулар менен жекече таанышууну уюштуруу, ар бир окуучу менен инсандык, психологиялык, гигиеналык, физикалык сапаттарына жараша иш алып баруу. | 8 | студент-практикант, соцпедагог |
| Тажрыйбалуу мугалимдердин сабактарына катышуу, анализ жасоо. | 8 | Насаатчы, студент-практикант, предметник мугалимдер |
| Окуу, тарбиялык жана класстан тышкаркы иштер- ди конкреттүү календардык план боюнча түзүү жана ага жараша иш алып баруу. Тил сабактарына талапка ылайык даярдануу жана өтүү. | 8 | студент-практикант, калсс жетекчи |
| Бөлүнгөн класска сабактарды өтүү | 6 | Насаатчы, студент-практикант |
| **4-жума** | | |
| Коомдук уюмдардын иштөөсүнө катышуу жана календардык мөөнөт ичинде атайын план түзүү жана ага жараша иш-чараларды уюштуруу. | 8 | студент-практикант, практика башчысы, насаатчы |
| Мектептеги тил кабинетинин иш-чараларына катышуу, анализ берүү жана конкреттүү пландын негизинде иш-чараларды уюштуруу. План боюнча бекитилген класстарда сабактарды өтүү. | 8 | студент-практикант, предметник мугалимдер |
| Тил кружогунун иш-чараларына катышуу, календардык убакыт ичинде конкреттүү иш-чараларды, диспут, тегерек столдорду өткөрүү. | 8 | студент-практикант, кружок башчылары |
| Бөлүнгөн класска сабактарды өтүү | 6 | Насаатчы, студент-практикант |
| **5-жума** | | |
| Бекитилген класстарда сабактарды өтүү, сабактарга даярдануу, конспектилерди түзүү. | 12 | студент-практикант, насаатчы |
| Тарбиялык иштерди уюштуруу, класстан тышкаркы иштерди алып баруу. Ачык сабактарды уюштуруу. | 8 | студент-практикант, практика башчысы, усулчу |
| Бөлүнгөн класска сабактарды өтүү | 6 | Насаатчы, студент-практикант |
| Белгилүү күндөр, майрамдарга карата тарыхый угуулары, кечелерди уюштуруу жана өткөрүү. | 4 | студент-практикант, класс жетекчилер, насаатчы |
| **6- жума** | | |
| Бекитилген класстарда сабактарды өтүү, сабактарга даярдануу, конспектилерди түзүү. | 12 | Насаатчы, студент-практикант |
| ласстан тышкаркы иштерди алып баруу. | 8 | студент-практикант, класс жетекчилер, насаатчы |

| | | |
|---|---|---|
| Тарбиялык иштерди уюштуруу | 8 | студент-практикант, класс жетекчилер, насаатчы |
| Аттестациялык отчётко даярдануу | 2 | студент-практикант |
| Баары | 180 | |

***Эскертүү:*** *практиканын жумушчу программасынын мазмунундагы көрсөтүлгөн болжолдуу иш-чаралар мектептеги реалдуу шарттарга байланыштуу өзгөрүп, толукталып турушу мүмкүн*

**Кесиптик-профилдик практиканын жумушчу программасы**

**Кесиптик-профилдик практиканын жумуш программасынын сааттык торчосу.**
**360 саат., 22 кредит, 5,6,7,8- семестрде өтөт. ( 3- курста 10 жума, 4-курста 12 жума)**

| Аткара турган иштердин мазмуну | Сааты | Аткарууга милдеттүү |
|---|---|---|
| **1-жума** | | |
| Мектеп коллективи жана жамааты менен таанышуу. | 2 | Практика башчысы, насаатчы, студент-практикант |
| Мектептердеги класстар менен таанышуу, тажрыйбалуу мугалимдердин ишмердүүлүктөрү менен таанышуу жана алардын иш чараларына катышуу, анализ берүү. | 5 | Практика башчысы, студент- практикант, жооптуу мугалимдер |
| Класстарда окуу, тарбиялык, ата-энелер менен жана сабактан тышкаркы иштердин план-программаларын тактоо. Окуу, тарбиялык иштердин программаларын түзүү, КТП түзүү. | 5 | студент- практикант, класс жетекчилер |
| Коомдук уюмдар жана алардын иш-чараларынын план-программалары менен иштөө. Кичинекей класстарда сабактарды өтө баштоо. | 3 | Соцпедагог, студент-практикант |
| **2-жума** | | |
| Тил кабинети жана аны жасалгалоо. Иш-чаралардын пландарын түзүү. | 5 | студент-практикант, кабинет башчы, насаатчы |
| Билим-берүү программалары менен таанышуу, тандоо жана дидактикалык материалдарды талдоо. | 5 | студент-практикант, предметник мугалим, насаатчы |
| Тил кружоктору, анын программалары менен иштөө. Экскурсиялык иштерди жетектөө жана ишке ашыруу. Бекитилген класстарда сабак өтүү, сабактарга даярдануу. | 5 | студент-практикант, соцпедагог |
| **3-жума** | | |
| Бекитилген конкреттүү класс жана андагы окуучу- лар менен жекече таанышуу, ар-бир окуучу менен инсандык, психологиялык, гигиеналык, физикалык сапаттарына жараша иш алып баруу. | 5 | студент-практикант, соцпедагог |
| Сабак өтүүнүн жаңы усулдары, технологияларынын негизинде сабактарга мыкты даярдануу, конспекти-лерди түзүү. Тажрыйбалуу мугалимдердин сабактарына катышуу, анализ жасоо. | 5 | студент-практикант, предметник мугалимдер |
| Бекитилген класстарда тарбиялык жана класстан тышкаркы иштерди алып баруу. | 5 | студент-практикант, класс жетекчи |
| **4-жума** | | |
| Мектептеги коомдук иштерге активдүү катышуу, атайын иш-чараларды уюштуруу. | 5 | студент-практикант, уюштуруу завучу, класс жетекчи |
| Мектептеги тил кабинетинин иш-чараларын уюштуруу жана өткөрүү. | 5 | студент-практикант, кабинет башчысы |

| | | |
|---|---|---|
| Гил кружогунун иш-чараларын уюштуруу, конкреттүү иш-чараларды, диспут, тегерек столдорду өткөрүү. Бекитилген жана бөлүнгөн класстарда сабактарды өтүү. | 5 | студент-практикант, предметник мугалим |
| **5-жума** | | |
| Жогорку класстарда сабактарды өтүү, сабактарга даярдануу, ачык сабактарды уюштуруу жана өтүү, башка ачык сабактарга катышуу. | 5 | студент-практикант, практика башчысы |
| Тарбиялык иштерди уюштуруу, класстан тышкаркы иштерди алып баруу. Ачык сабактарды уюштуруу. | 5 | студент-практикант, класс жетекчи |
| Белгилүү күндөр, майрамдарга карата кечелерди уюштуруу жана өткөрүү. | 5 | студент-практикант, соцпедагог |
| **6 - жума** | | |
| Алдыкы тажырыйбалуу мугалимдердин сабактарына катышуу, анализ берүү | 5 | студент-практикант, предметник мугалим |
| Инновациялык усулдарды колдонуп сабак өтүү | 5 | студент-практикант |
| Ачык сабактарга катышуу, анализ берүү | 5 | студент-практикант |
| **7-жума** | | |
| Жогорку класстарда сабактарды өтүү, сабактарга даярдануу, ачык сабактарды уюштуруу жана өтүү, башка ачык сабактарга катышуу. | 5 | студент-практикант, предметник мугалим |
| Сабактарга анализ кылуунун жолдорун үйрөнүү, анализ жазуу | 5 | студент-практикант, насаатчы |
| Бөлүнгөн класстарга сабак өтүү | 5 | студент-практикант, насаатчы |
| **8 - жума** | | |
| Жогорку класстарда сабактарды өтүү, сабактарга даярдануу, ачык сабактарды уюштуруу жана өтүү, башка ачык сабактарга катышуу. | 5 | студент-практикант, насаатчы |
| Тарбиялык иштерди алып баруу | 5 | Соцпедагог, студент-практикант, |
| Мектептеги коомдук иштерге активдүү катышуу, атайын иш-чараларды уюштуруу. | 5 | |
| **9- жума** | | |
| Жогорку класстарда сабактарды өтүү, сабактарга даярдануу, ачык сабактарды уюштуруу жана өтүү, башка ачык сабактарга катышуу. | 5 | студент-практикант, насаатчы |
| Тарбиялык иштерди алып баруу | 5 | Соцпедагог, студент-практикант |
| Мектептеги коомдук иштерге активдүү катышуу, атайын иш-чараларды уюштуруу. | 5 | |
| **10- жума** | | |
| Жогорку класстарда сабактарды өтүү, сабактарга даярдануу, ачык сабактарды уюштуруу жана өтүү, башка ачык сабактарга катышуу. | 5 | студент-практикант, класс жетекчи |
| Тарбиялык иштерди алып баруу | 5 | студент-практикант, насаатчы |
| Аттестациялык отчетко даярдануу | 5 | студент-практикант, насаатчы |
| Баары | 150 | |

4- курс 12 кредит ( 12 жума)

| Аткарыла турган иштин мазмуну | сааты | Аткарууга милдеттүү |
|---|---|---|
| **1- жума** | | |
| Жогорку класстарда сабактарды өтүү | 5 | студент-практикант, предметник мугалим, насаатчы |
| Бөлүнгөн класстын психологиялык портретин түзүү | 5 | Соцпедагог, студент-практикант |

| | | |
|---|---|---|
| Коомдук уюмдар жана алардын иш-чараларынын план-программалары менен иштөө. | 5 | Соцпедагог, студент-практикант |
| **2-жума** | | |
| Тил кабинети жана аны жасалгалоо. Иш-чаралардын пландарын түзүү. | 5 | студент-практикант, кабинет башчы, насаатчы |
| Билим-берүү программалары менен таанышуу, тандоо жана дидактикалык материалдарды талдоо. | 5 | студент-практикант, предметник мугалим, насаатчы |
| Тил кружоктору, анын программалары менен иштөө. Экскурсиялык иштерди жетектөө жана ишке ашыруу. Бекитилген класстарда сабак өтүү, сабактарга даярдануу. | 5 | студент-практикант, соцпедагог |
| **3-жума** | | |
| Бекитилген конкреттүү класс жана андагы окуучулар менен жекече иштөө, ар-бир окуучу менен инсандык, психологиялык, гигиеналык, физикалык сапаттарына жараша иш алып баруу. | 5 | студент-практикант, соцпедагог |
| Сабак өтүүнүн жаңы усулдары, технологияларынын негизинде сабактарга мыкты даярдануу, конспектилерди түзүү. Тажрыйбалуу мугалимдердин сабактарына катышуу, анализ жасоо. | 5 | студент-практикант, предметник мугалимдер |
| Бекитилген класстарда тарбиялык жана класстан тышкаркы иштерди алып баруу. | 5 | студент-практикант, класс жетекчи |
| **4-жума** | | |
| Мектептеги коомдук иштерге активдүү катышуу, атайын иш-чараларды уюштуруу. | 5 | студент-практикант, уюштуруу завучу, класс жетекчи |
| Мектептеги тил кабинетинин иш-чараларын уюштуруу жана өткөрүү. | 5 | студент-практикант, кабинет башчысы |
| Тил кружогунун иш-чараларын уюштуруу, конкреттүү иш-чараларды, диспут, тегерек столдорду өткөрүү. Бекитилген жана бөлүнгөн класстарда сабактарды өтүү. | 5 | студент-практикант, предметник мугалим |
| **5-жума** | | |
| Жогорку класстарда сабактарды өтүү, сабактарга даярдануу, ачык сабактарды уюштуруу жана өтүү, башка ачык сабактарга катышуу. | 5 | студент-практикант, практика башчысы |
| Тарбиялык иштерди уюштуруу, класстан тышкаркы иштерди алып баруу. Ачык сабактарды уюштуруу. | 5 | студент-практикант, класс жетекчи |
| Белгилүү күндөр, майрамдарга карата кечелерди уюштуруу жана өткөрүү. | 5 | студент-практикант, соцпедагог |
| **6 - жума** | | |
| Алдыкы тажырыйбалуу мугалимдердин сабактарына катышуу, анализ берүү | 5 | студент-практикант, предметник мугалим |
| Инновациялык усулдарды колдонуп сабак өтүү | 5 | студент-практикант |
| Ачык сабактарга катышуу, анализ берүү | 5 | студент-практикант |
| **7-жума** | | |
| Жогорку класстарда сабактарды өтүү, сабактарга даярдануу, ачык сабактарды уюштуруу жана өтүү, башка ачык сабактарга катышуу. | 5 | студент-практикант, предметник мугалим |
| Сабактарга анализ кылуунун жолдорун үйрөнүү, анализ жазуу | 5 | студент-практикант, насаатчы |
| Бөлүнгөн класстарга сабак өтүү | 5 | студент-практикант, насаатчы |
| **8 - жума** | | |
| Жогорку класстарда сабактарды өтүү, сабактарга даярдануу, ачык сабактарды уюштуруу жана өтүү, башка ачык сабактарга катышуу. | 5 | студент-практикант, насаатчы |
| Тарбиялык иштерди алып баруу | 5 | Соцпедагог, студент-практикант, |

| | | |
|---|---|---|
| Мектептеги коомдук иштерге активдүү катышуу, атайын иш-чараларды уюштуруу. | 5 | |
| **9- жума** | | |
| Жогорку класстарда сабактарды өтүү, сабактарга даярдануу, ачык сабактарды уюштуруу жана өтүү, башка ачык сабактарга катышуу. | 5 | студент-практикант, насаатчы |
| Тарбиялык иштерди алып баруу | 5 | Соцпедагог, студент-практикант, |
| Мектептеги коомдук иштерге активдүү катышуу, атайын иш-чараларды уюштуруу. | 5 | |
| **10- жума** | | |
| Жогорку класстарда сабактарды өтүү, сабактарга даярдануу, ачык сабактарды уюштуруу жана өтүү, башка ачык сабактарга катышуу. | 5 | студент-практикант, класс жетекчи |
| Тарбиялык иштерди алып баруу | 5 | студент-практикант, насаатчы |
| Аттестациялык отчетко даярдануу | 5 | студент-практикант, насаатчы |
| **11-жума** | | |
| Видео сабактарды жаздыруу | 5 | студент-практикант, насаатчы |
| Электрондук күндөлүктөрдү алып баруу | 5 | студент-практикант, насаатчы |
| Мугалимдерге арналган семинарларга, вебинарларга катышуу | 5 | студент-практикант, насаатчы |
| **12-жума** | | |
| Билим берүүчү платформаларды терең өздөштүрүү | 10 | студент-практикант |
| Аттестациялык отчетко даярдануу | 5 | студент-практикант, насаатчы |
| | | |
| Баары | 180 | |

**Эскертүү:** *практиканын жумушчу программасынын мазмунунда- гы көрсөтүлгөн болжолдуу иш-чаралар мектептеги реалдуу шарттарга байланыштуу өзгөрүп, толукталып турушу мүмкүн.*

**Квалификация алдындагы практиканын жумушчу программа.**
**Кесиптик-профилдик ( квалификация алдындагы)практиканын жумуш программасынын сааттык торчосу. 240 саат., 8 кредит, 8- семестрде өтөт. ( 8 жума)**

| Аткара турган иштердин мазмуну | Сааты | Аткарууга милдеттүү |
|---|---|---|
| **1-жума** | | |
| Мектеп коллективи жана жамааты менен таанышуу. | 2 | студент-практикант, практика башчысы, насаатчы, администрация мүчөлөрү |
| Мектептердеги класстар менен таанышуу, тажрыйбалуу мугалимдердин ишмердүүлүктөрү менен таанышуу жана алардын иш-чараларына катышуу, анализ берүү. | 10 | студент-практикант, класс жетекчилер |
| Класстарда окуу, тарбиялык, ата-энелер менен жана сабактан тышкаркы иштердин план-программаларын тактоо. Окуу, тарбиялык иштердин программаларын түзүү, КТП түзүү. | 8 | студент-практикант, класс жетекчи |
| Коомдук уюмдар жана алардын иш-чараларынын план-программалары менен иштөө. Кичинекей класстарда сабактарды өтө баштоо. | 10 | студент-практикант, соцпедагог, предметник мугалим |
| **2-жума** | | |
| Тил кабинети жана аны жасалгалоо. Иш-чаралардын пландарын түзүү. | 10 | студент-практикант, кабинет башчы |
| Билим берүү программалары менен таанышуу, тандоо жана дидактикалык материалдарды талдоо. | 10 | студент-практикант, практика башчысы |

| | | |
|---|---|---|
| Тил кружоктору, анын программалары менен иштөө. Бекитилген класстарда сабак өтүү, сабактарга даярдануу. | 10 | студент-практикант, кружок жетекчилер |
| **3-жума** | | |
| Бекитилген конкреттүү класс жана андагы окуучулар менен жекече таанышуу, ар-бир окуучу менен инсандык, психологиялык, гигиеналык, физикалык сапаттарына жараша иш алып баруу. | 10 | студент-практикант, соцпедагог |
| Сабак өтүүнүн жаңы усулдары, технологияларынын негизинде сабактарга мыкты даярдануу, конспектилерди түзүү. Тажрыйбалуу мугалимдердин сабактарына катышуу, анализ жасоо. | 10 | студент-практикант, усулчу |
| Бекитилген класстарда тарбиялык жана класстан тышкаркы иштерди алып баруу. | 10 | студент-практикант, класс жетекчи, соцпедагог |
| **4-жума** | | |
| Мектептеги коомдук иштерге активдүү катышуу, атайын иш-чараларды уюштуруу. | 10 | студент-практикант |
| Мектептеги тил кабинетинин иш-чараларын уюштуруу жана өткөрүү. | 10 | студент-практикант, кабинет башчы |
| Тил кружогунун иш-чараларын уюштуруу, конкреттүү иш-чараларды, диспут, тегерек столдорду өткөрүү. Бекитилген жана бөлүнгөн класстарда сабактарды өтүү. | 10 | студент-практикант, предметник мугалим |
| **5-жума** | | |
| Жогорку класстарда сабактарды өтүү, сабактарга даярдануу, ачык сабактарды уюштуруу жана өтүү, башка ачык сабактарга катышуу. | 10 | студент-практикант, предметник мугалим |
| Тарбиялык иштерди уюштуруу, класстан тышкаркы иштерди алып баруу. Ачык сабактарды уюштуруу. | 10 | студент-практикант, класс жетекчи, практика башчы |
| Белгилүү күндөр, майрамдарга карата кечелерди уюштуруу жана өткөрүү. | 10 | студент-практикант, класс жетекчи |
| **6- жума** | | |
| Ачык сааттарга катышуу, анализ берүү | 10 | студент-практикант, практика башчы |
| Жаңыча ыкмаларды колдонуп сабак өтүү | 10 | студент-практикант, насаатчы |
| Электрондук доска менен иштөөнү улантуу | 4 | студент-практикант |
| ДМЧ балдар менен иштөөнүн усулдарын үйрөнүү | 6 | соцпедагог, студент-практикант |
| 7- жума | | |
| Жогорку класстарда сабактарды өтүү, сабактарга даярдануу, план-конспект жазууну улантуу | 20 | студент-практикант, насаатчы |
| Тарбиялык иштерди уюштуруу, класстан тышкаркы иштерди алып баруу. | 10 | студент-практикант, насаатчы, класс жетекчи |
| 8- жума | | |
| Жогорку класстарда сабактарды өтүү, сабактарга даярдануу, план-конспект жазууну улантуу | 15 | студент-практикант, насаатчы, класс жетекчи |
| Тарбия иштерин алып баруу | 10 | студент-практикант, насаатчы, класс жетекчи |
| Аттестациялык отчётко даярдануу | 10 | студент-практикант |
| Баары | 240 | |

**Эскертүү:** *практиканын жумушчу программасынын мазмундагы көрсөтүлгөн болжолдуу иш-чаралар мектептеги реалдуу шарттарга байланыштуу өзгөрүп, толукталып турушу мүмкүн.*

## Практиканын окуу-усулдук камсыздалышы:


- **Негизги адабияттар:**

1.Вузовская методика преподавания лингвистических дисциплин [Электронный ресурс]: учебное пособие / под ред. Ж.В. Ганиева. - 2-е изд., стер. - Москва : Флинта, 2014. - 353 с. - URL:
2. Гарипов, Р.К. Особенности вузовской методики преподавания иностранных языков (на материале романских и германских языков) [Электронный ресурс] : учебное пособие / Р.К. Гарипов, Ю.Ф. Кобяков, С.М. Давлетшина. — Электрон. дан. — Уфа : БГПУ имени М. Акмуллы, 2014. — 114 с. — Режим доступа: https://e.lanbook.com/book/72569 .
3.Халяпина, Л.П. Новые информационные технологии в профессиональной педагогической деятельности : учебное пособие / Л.П. Халяпина, Н.В. Анохина. - Кемерово : Кемеровский государственный университет, 2011. - 118 с. - ISBN 978-5- 8353-1166-8 ; То же [Электронный ресурс]. - URL:
4.Е. И. Литневская, В. А. Багрянцева Методика преподавания русского языка в средней школе М. 2006
5.Сакиева С.С. Башталгыч класстарда эне тилин окутуунун методикасы Ж.-А. 2001

- **Кошумча адабияттар:**

1.Абдулина О.А., Загрязкина М. Педагогическая практика сту- дентов. М., Просвещение, 1989.
2.Абдулина О.А. Общепадагогическая подготовка учителя в си- стеме высшего педагогического образования. М., Просвеще- ние, 1990.
3.Адылакимов Т., Мурзаев К. Книжка студента-практиканта. Ош, 1988.
4.Болдырев Н.И. Классный руководитель. М., Просвещение, 1976.
5.Кабашов С. Ю., Асфандиярова И. Г. Делопроизводство и ар- хивное дело в терминах и определениях: учебное пособие для студентов вузов. М.,: Флинта, 2009.
6.Коротов В.М. Воспитательная работа в школе. М., Просвеще- ние, 1976.
7.Малковский В.К. Инструктивно-методические материалы по педагогической практике (для студентов, предвыпускного и выпускного курсов). М., 1982.
8.Маянуов В. Психология отношений. М., 1995.
9. Ильясова И.А. Культура общения. М.,1986.
10. Окуу-тарбиялык практика (Методисттер жана практиканттар үчүн). Ош. 1994.
11. Программы: Пеагогических институтов. Сборник №27 – Министерство просвещения СССР. 1987.Петровский А. Личность, деятельность, коллектив. М., 1986.
12. Педагогическая практика студентов 1-3- курсов МГПИ им. В.И. Ленина. М., 1990.
13. Методическая рекомендация. М., 1982.
14. Педагогическая практика студентов 1-5- курсов. Методическая рекомендация. М., 1982.
15. Рувинского П.Р. Введение в специальности. М., Просвещение, 1989.
16. Розова В.К. Педагогическая практика. М., Просвещение, 1981.
17. Столин В.В. Самосознание личности. М., 1983.

https://s3.eu-central-1.amazonaws.com/biom/work/pub/mup.pdf

http://biblioclub.ru/index.php?page=book&id=482221
http://biblioclub.ru/index.php?page=book&id=232315

**Тиркеме 1**

**Окуу жайлардын практикаларынын базасы**

| № | Практика өтүлүүчү жайдын аталышы<br>Наименование учреждения/организации | Жайгашкан жери<br>Место расположения | Келишим<br>Примечание<br>(договор) |
|---|---|---|---|
| 1. | №1 Кара-Балта шаарынын орто мектеби | Кара-Балта ш. | |
| 2. | №2 Кара-Балта шаарынын орто мектеби | Кара-Балта ш. | |
| 3. | “Абай” колледжи | Кара-Балта ш. | |
| 4. | БКЧУ | Бишкек ш. | |
| 5. | Т.Эрматов ат. музыкалык-педагогикалык колледжи | Бишкек ш. | |
| 6. | №4 Кесиптик лицейи | Бишкек ш. | |